УДК: 81*25

**Жумагулова Ф. М.**
чет тилдер кафедрасынын доценти
*К. Тыныстанов атындагы ЫМУ*

## ТИЛДИК РЕАЛИЙЛЕР ЖАНА АЛАРДЫ КОТОРУУДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

**Жумагулова Ф. М.**
доцент кафедры иностранных языков
*ИГУ им.К. Тыныстанова*

## ЯЗЫКОВЫЕ РЕАЛИИ И ОСОБЕННОСТИ ИХ ПЕРЕВОДА

**Zhumagulova F. M.**
associate professor of the department
of Foreign Languages

## LINGUISTIC REALITIES AND PECULIARITIES OF THEIR TRANSLATION

**Аннотация.** Макалада "Реалий" терминине тилчи-окумуштуулардын эмгектеринин негизинде аныктама берилип, реалийдин турлору каралды. Ар кандай тилдердеги реалийлердин байланышынын варианттарына мисал келтирилди. Ошондой эле, көркөм тексттеги реалийлерди которуудагы өзгөчөлүктөр каралды.

**Негизги сөздөр**: реалийлер, маданият, лингвомаданият, сөздүн образдуулугу, тексттеги эмоционалдуулук, которуудагы өзгөчөлүктөр, экспрессивдүү создор.

**Аннотация.** В статье дается определение термина «реалия» на основе трудов лингвистов и ученых, рассмотрены виды реалий. Приведены примеры вариантов связи реалий в разных языках. Также рассматриваются особенности перевода реалий в художественных текстах.

**Ключевые слова:** реалии, культура, лингвокультура, образность слова, эмоциональность в тексте, особенности перевода, экспрессивные слова.

**Annotation.** The article provides a definition of the term «realism» based on the works of linguists and scholars, and examines the types of realism. Examples of the connections between realisms in different languages are also presented. Additionally, the article discusses the features of translating realisms in literary texts.

**Key words:** realia, culture, linguoculture, imagery of words, emotionality in text, translation features, expressive words.

Көркөм текстерди бир тилден экинчи тилге которууда көптөгөн кыйынчылыктарга туш болобуз. Алардын бири көркөм тексттердеги реалийлерди башка тилге которуу көйгөйү. Бул термин тил илиминде «башка тилде сүйлөгөн адамдардын практикалык тажрыйбасында болбогон нерселерди, түшүнүктөрдү жана кырдаалдарды билдирген сөздөр» деп белгиленет. Башкача айтканда, бул тилдик маданий коомчулукка (көбүнчө анын өкүлдөрүнүн көпчүлүгүнө) тааныш болгон тексттердин, ысымдардын, сөздөрдүн жана кырдаалдардын жыйындысы. Албетте, ар кандай маданий-тарыхый реалдуулуктан улам, бир нече маданияттар толук же жарым жартылай дал келиши мүмкүн. Демек, башка лингвомаданиятка таандык окурмандын көркөм текстти окууда кездешкен реалийлер ошол маданияттын өкүлүндө пайда боло тургандай ассоциациялар жана коннотациялар пайда болбойт. Илгертен бери котормочулардын алдында тышкы форманы сактоо маанилүүбү же эң негизгиси түп нусканын маанисин жеткирүү керекпи деген суроо турган. Бүгүнкү күнгө чейин бул суроого бирдиктүү жооп жок жана реалийлерди которууда ар кандай котормо стратегиялары колдонулат.

Л. С. Бархударовдун аныктамасы боюнча, реалийлер «башка тилде сүйлөгөн адамдардын практикалык тажрыйбасында болбогон нерселерди, түшүнүктөрдү жана кырдаалдарды билдирген сөздөр».

«Реалий» термини XX кылымдын элүүнчү жылдарынын башында пайда болгондуктан, жаңы термин болуп саналат. Бул убакыт аралыгы тил менен маданияттын өз ара байланышына кызыгуунун өсүшүн мүнөздөйт. Эдвард Сапир менен Эдвард Холлдун эмгектери пайда болот, лингвистикалык салыштырма-

луулук теориясы өнүгөт, тил менен ойдун өз ара байланышы активдүү изилденет, «маданияттар аралык байланыш» термини пайда болот. Мунун баары маданий өзгөчө лексиканы жана аны чет тилдердеги берүү жолдорун активдүү изилдөөгө түрткү берди.

«Реалий» терминин биринчилерден болуп Л.Н.Соболев 1952-жылы «Сүрөттү образга которуу жөнүндө» аттуу эмгегинде колдонгон. Андан кийин аны А. Э. Супрун, С. И. Влахов, С. П. Флорин жана башка лингвисттер колдоно баштащкан. Ар кандай тилдер жана маданияттар үчүн алардын өзгөчөлүгүнө жана көп түрдүүлүгүнө байланыштуу реалийлердин бирдиктүү классификациясы жок. Бирок, көпчүлүк тилдик маданияттардын реалийлери бөлүнүшү мүмкүн болгон кээ бир пункттарды аныктоого болот.

Аларга төмөнкүлөр кирет:

• Тарыхый реалийлер – бул түздөн-түз же коннотациялык мааниси боюнча кандайдыр бир тарыхый окуяга (мисалы, «Аврора» крейсери, «Комсомол», колхоз) байланышы бар лексикалык бирдиктер.

• Күнүмдүк турмуштун реалийи. Турак жай – турак жайдын ар кандай түрлөрүн, ошондой эле тиричилик буюмдарын (кепе, боз үй, фазенда) билдирген лексикалык бирдиктер.

• Кийим-кечени билдирген реалийлер (кийиз өтүк, кимоно, сари).

• Тамак-аш жана суусундуктарды билдирген реалийлер (квас, куймак, кымыз).

• Каада-салттарды, үрп-адаттарды жана майрамдарды билдирген реалийлер (пасха, сойко салуу).

• Географиялык реалийлер – ар кандай географиялык объектилердин аталыштары (талаа, Волга, тундра, тайга).

• Өсүмдүктөрдү билдирген реалийлер (кайың, сирень).

• Жаныбарларды билдирген реалийлер (бугу, ак илбирс).

• Социалдык-саясий реалийлер – коомдук-саясий турмушка байланыштуу лексика (убактылуу өкмөт, канцлер, лорддор палатасы, округ)

• Адабий реалийлер – адабий чыгармалардын аттары, алардын жазуучуларынын жана баатырларынын ысымдары (Айтматов, Пушкин, «Согуш жана тынчтык»)

Реалийлерди классификациялоо үчүн дагы бир катар пункттарды аныктоого болот, мисалы, транспорттун түрлөрүн, байланыш ыкмаларын, тиричилик мекемелерин, динге, билимге, маданиятка байланыштуу объектилерди жана түшүнүктөрдү билдирген реалийлер ж.б.

Жогоруда белгиленгендей, реалийлерди классификациялоо ар кандай тилдик маданияттардын реалдуулуктарын салыштырып талдоого мүмкүндүк берет. Ар кандай тилдердеги реалийлердин байланышынын төмөнкүдөй варианттарын ажырата алабыз:

1. Бир лингвомаданияттагы реалийдин башка тил маданиятында жоктугу. Мисалы, америкалык реалий «drugstore» дары-дармектерди, косметикаларды, журналдарды жана кээ бир буюмдарды саткан дүкөн. Кыргыз тилинде жөн гана “дарыкана”.

2. Башка лингвомаданияттын тилинде бир лингвомаданияттагы реалий менен белгиленүүчү объект үчүн атайын белгинин жоктугу. Мисалы, амер. «clover leaf» - беде жалбырагы түрүндөгү жол кесилиши. Бул көрүнүш кыргыз маданиятында бар, бирок ал үчүн атайын белги жок.

3. Окшош функцияларды ар кандай тилдик маданияттарда реалий менен белгиленген ар кандай объекттер аткарышат. Мисалы, амер. “sponge” – жуугуч губка, орусчага жуунуу үчүн дене жуугуч (мочалка) деп которулат..

4. Эки тил маданиятынын окшош реалийлери функционалдык жактан айырмаланат. Мисалы, орус тилдүү маданиятта күкүктүн чакырыгы адамдын канча жыл өмүр сүрүшүн алдын ала айтат, ал эми америкалык күкүктөрдүн чакыруусунда кыздын үйлөнүү тоюна канча жыл калганы айтылат.

Көркөм тексттерди (айрыкча, реалийлерди которуу боюнча мүнөздөмөлөрдү) которуудагы өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү үчүн көркөм тексттин башка стилдердеги тексттерден айырмалаган кандай өзгөчө белгилери бар экенин түшүнүү маанилүү. Мындай белгилер бир кыйла көп, бирок көркөм текстке тиешелүү которууга маанилүү жана актуалдуу белгилер төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр катары көрүнөт:

•Көркөм тексттеги эмоционалдуулук : көркөм текстте сөз негизги маанисинен башка, анын бир түрдүү эмоционалдык өңү бар, которууда бул өзгөчөлүктү сактоо маанилүү.

•Көркөм тексттеги сөздүн образдуулугу – бул дагы бир маанилүү өзгөчөлүк. Көркөм текстте сөз (мисал катары, илимий текстте сөздөн айырмаланып) көркөм образдын маанилүү ролуна ээ болушу мүмкүн. Ошондуктан бул сөздүн которуудан туура берилбеши, чет тилдеги бүтүндөй чыгарманы кабыл алууга терс таасирин тийгизет.

•Автор тарабынан түзүлгөн баяндап берүүнүн стилиндеги өзгөчөлүктөр: сапаттуу которуу көркөм текстке тиешелүү автордун стилдик өзгөчөлүктөрүн толук ачып берилиши.

Бардык көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөр көркөм текстти которууда, анын ичинен реалийлерди которууда да эске алынышы керек. Көркөм тексттин которуучусу үчүн эмоциялык жана көркөмдөп жазылган сөздөрдү, автордун индивидуалдык стилин чагылдырган сөздөрдү (бул сөздөр көбүнчө реалийлер) аныктоо өтө маанилүү, анткени алар түз маанисинен тышкары, кайсы бир коннотацияларга ээ болушу мүмкүн. Бул сөздөр тексттин сюжетин өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ. Эгер ушул татаал маанини бере албаса, которуу тексттин оригиналына карата динамикалык эквиваленттүүлүктөн куру болуп калат, башкача айтканда, көркөм тексттин оригиналы сыяктуу эле окурманга ошол эле эмоциялык таасирин көрсөтпөйт, ал эми динамикалык эквиваленттүүлүк көркөм текстти которууда өзгөчө мааниге ээ.

Экспрессивдүү сөздөрдү нейтралдуу варианттар менен алмаштыруу оригинал тексттин стилин, анын улуттук-маданий өзгөчөлүгүн сактоого мүмкүнчүлүк бербейт. Ошентсе да, котормочу көркөм текстти которууда ашыкча түшүндүрмөлөрдүн кереги жок экендигин эске алуусу керек, анткени бул текстти окууну кыйындатат. Бул дилемманы көркөм тексттин которуучусу реалийлерди которууда ар дайым чечүүгө туура келет. Реалийди сүрөттөп которобу же функционалдык аналог менен которобу же транскрипциялап, түшүндүрмө комментарий береби – бул суроонун жообу ар бир конкреттүү реалийдин сюжетке жана көркөм тексттин стилине карата кандай мааниге ээ экенине негизделет.

**Адабияттар:**


1. Бархударов Л. С. Язык и перевод. Вопросы общей и частной теории перевода. – М.: «Международные отношения», 1975. С. 95.
2. Влахов С., Флорин С. Непереводимое в переводе. – М.:Международные отношения ,1980.
3. Голами Х., Голандам А. Классификация реалий в разных языках//Социосфера. 2013. № 1.
4. Евсеева Т.В. Некоторые аспекты трансляции национальных реалий в художественном переводном тексте//Известия высших учебных заведений. Северо-Кавказский регион. Общественные науки. 2007. № 2.
5. Комиссаров В.Н. Общая теория перевода. – М.: ЧеРо, 1999.
6. Лиликович О.С. Реалии в отечественной и зарубежной лингвистической традиции// Вестник ВГУ. Лингвистика и межкультурная коммуникация. 2015. № 4.
7. Соболев Л.Н. О переводе образа образом. // Вопросы художественного перевода. / Л.Н. Соболев. – М., 1955. С. 290.
8. Трибоцкая А.С., Данько В.О. Реалии как объект перевода. Мир языков: ракурс и перспектива : материалы VI Междунар. науч. практ. конф., Минск, 22 апреля 2015 г. –Минск: БГУ, 2015.